*Археологиялык табылгалар*

**Акыркы мезгилдерде түштүк Кыргызстандын тарыхын иликтөөгө көмөк көрсөткөн официалдуу илимий экспедиция биринчи жолу Ош жогорку Колледжинде уюштурулду. Бул болсо ОЖКнын тарых тайпасынын студенттеринин окуу планында каралган археологиялык практикасын талаа шартында өткөрүүнү жүзөгө ашырды. Окуу жайдын окумуштуу ректору Ч. Иманбердиев Кара-Кулжа жана Өзгөн райондорунун археологиялык эстеликтерин иликтөө жана аларды илимий айлампага киргизүү милдетин койду.**

Экспедициянын мүчөлөрү өз иликтөө жумуштарын Кара-Кулжа — 1-Май, — Ак-Таш—Жылгыр — Токсон — Кемпир — Жүрөк-Таш—Ак-Зоо багыттары боюнча жүргүздү. Натыйжада, Ак-Зоо ойдунунан жаңы эки археологиялык эстелик табылды. Ак-Зоо-петроглифтери райондун борбору Кара-Кулжа кыштагынан 50—55 км. түндүк чыгышта ,Токсон-Кемпир тосуусунун борбордук бөлүгүндө Жүрөк-Таш суусунун баш ат жагында жайгашкан.

бир же эки мүйүздүү, эки же төрт буту менен кыска куйруктары көрсөтүлгөн тоо эчкилеринин сүрөттөрү түзөт. Тоо эчкилеринен сырткары адамдын, илбирс, ит, жылан, төө, өгүз, жылкынын сүрөттөрү, ошондой эле бир же эки шакекчеден турган тегерек белгилер, сызыкча менен туташтырылган күн сыяктуу шакекче белгилер, мындан сырткары жаныбар же геометриялык фигура экендигин азырынча аныктоого мүмкүн болбогон ар кандай белгилер бар.

бөлүүгө болот. Антропоморфтук, зооморфтук, геометриялык белгилер жана тегерек оюкчалар. Мындан сырткары, азырынча биз үчүн кандайдыр бир түшүнтмаларга ээ болбогон түшүнүксүз белгилер да орун алган.

Таштагы сүрөттөрдө жаныбарлардын фигураларынын көпчүлүк санда болушу байыркы аңчылардын кайберендерге аң уулоонун ийгиликтүү болуусуна карата жасаган магиялык аракети катары саноого да болот. Ошондой эле, алар мерген чиликтин бутасы болуп келген жаныбарлардын тукумунун көбөйүүсүн да көздөшкөндүгү байкалат.

Ак-Зоо аска таш сүрөттөрүнүн 23 пайызын түзгөн солярдык (күн) жана крест белгилери Борбордук Азиядагы петроглиф эстеликтеринин көрүнүктүү фигурасы болуп эсептелет. Ак-Зоодон табылган сүрөттөрдү ыпаным дуу негизде коло кылымына таандык десек болот. Ак-Зоонун түндүк жагынан 6 сүрөт табылган. Алардын ичинен аска өсүндүсүндө чегерилген эки эчкинин бирөө сүйүн башы сол тарапты каратылып түшүшүгү иймекей келип, кош мүйүзү кылычтай ийилген. Куйругу тоголок формада аткарылган.

Сөзгө алынган тоо эчкинин таштагы сүрөттөрүнүн аналогиясы Борбордук Азиянын петроглиф эстеликтеринде кеңири орун алган. Биз

# КАРА-КУЛЖА ӨРӨӨНҮ ИЛИКТЕЛДИ

до Жуурөк-Таш суусунун ба шат жагында жайгашкан.

Экспедиция бул эстеликти 1-май айылынын жашоочусу Султанов Искендердин жардамы менен аныктай алды. Азырынча, илимий чөйрөгө белгисиз болуп келген аска-таш чегилмелеринин жаңы топтомун, жети мүрзө-коргон тапты жана алар боюнча изилдөө иштерин жүргүздү.

Ак-Зоо зоокасы Токсон-Кемпир тоосунда жайгашкан. Анын батыш жагы өзүнчө ойдуң. Бир нече кокту-колоттордон турат. Аянты болжол менен түндүк-чыгыштан түштүк-батышка 3—3,5 км, ал эми чыгыштан батышка 7—9 км.ге созулуп жатат.

Ак-Зоонун батыш тарабында жайгашкан ойдуңдан, жондун кырындагы аска-таш беттеринен жана таш плиталарынан 31-сүрөттөр аныкталды. Илимий жазууда ал «Ак-Зоо—1» деп аталды. Ойдуңдун түндүк тарабындагы тоо этектеринде ги аскалардан жана таш плиталардан табылган 20 сүрөт — «Ак-Зоо—2» деп аталды. Ошентип, Ак-Зоодон 51 аска-таш сүрөттөрү аныкталып, петроглифтердин жалпы саны 265ти түздү.

Аска беттерине чегерилген сүрөттөрдүн көлөмү 0,5 см.ден 80 см. ге чейин бар. Тартылган жаныбарлардын баштары оң жана солго багытталып, келбеттери капталынан берилген. Петроглифтердин негизги бөлүгүн, тактап айтканда 136 даанасын (51 нускасын) ча аныктоого мүмкүн болбогон ар кандай белгилер бар.

Тоо этегиндеги тектирдин таш блокторунан 6 петроглиф топтому табылды. Андагы таш блокторунун бир бөлүгү дале мөңгү астында жаткандыктан петроглифтер чегерилген таштарды кардан тазалоого туура келди. Өзгөчө 11—А таш блогундагы сүрөттөр көңүл дү өзүнө бурат. Анын түндүк-батыш жагына 15 фигура чегерилген. 8 тоо эчкиси, 2 адамдын келбети, ортосу сызыктар менен бөлүнгөн дөңгөлөк сыяктуу белги, жол сымал кош белги, баштары бириктирилген эки жыландын жана башка түшүнүксүз белгилер орун алган. Ал эми таш блоктун түштүк тарабында бир эчки менен тегерек белги жайгашкан.

Ак-Зоо таштарындагы сүрөттөрдүн сакталуу деңгээли ар түрдүү. Байыркы мезгилдерге таандык петроглифтердин бир бөлүгү начар сакталган. Таш беттеринин коррозияга дуушар болуусунун натыйжасында, алар араң байкалат. Ошону менен бирге эле, карарып күнгө күйгөн, үстүн чөл кырташы каптап, көрүнүшү даана байкалган чегерилмелер да кездешет. Негизинен петроглифтер таш же металл куралдарынын жардамы менен чегерилген. Сүрөттөр үч ыкмада аткарылган. Алар: сызыктуу схематикалык, көлөкө силуеттик жана контурдук.

Ал сүрөттөрдү маанимаңызына карап төрт түргө аналогиясы Борбордук Азиянын петроглиф эстеликтеринде кеңири орун алган. Биз дин заманга чейинки VII—III кылымдардагы Днепр дарыясынан Чыгыш Монголияга чейинки аралыкта жашашкан байыркы көчмөн уруулардын скифо-сибирь айбанат стилиндеги искусствого мүнөздүү зергерлик буюмдардагы жасалгаларда да кеңири кездешет. Демек, Ак-Зоо сүрөттөрүнүн арасындагы айбанат стилинде аткарылган тоо эчкилери б.з.ч. VI—V кылымдарга таандык.

Жыйынтыктап айтканда, Ак—Зоо петроглифтери бул аймакта коло кылымынан түрк мезгилине чейин жашаган байыркы уруулардын жаратылыш, дүйнө жөнүндөгү, мифологиялык, идеологиялык жана диний түшүнүктөрүн, чарбалык жана коомдук түзүлүшүн чагылдыруучу эстелик болуп саналат. Ошону менен бирге, Борбордук Азиядагы этникалык процесстерден кабар берүүчү мааниге ээ булак болуп, байыркы искусствонун тарыхый эстелиги болуп калат.

Археологиялык экспедициянын иликтөө иштери аяктаганы жок. Тарыхый баалуулуктарды иликтөө иштери эми Өзгөн районунан уланат.

**Т. НАСИРОВ,**
**археологиялык экспедициянын жетекчиси.**
**Ж. АДИЛБАЕВ,**
**окуу жайдын гуманитардык факультетинин деканы, тарых илимдеринин кандидаты, доцент.**